2-орун 9-класс

3-орун 11-класс ээлеп акчалай сыйлык жана грамоталар берилди.

3-декабрь майыптар күнүнө карата боорукерлик акциясы уюшулуп залга кутуча коюлуп ар ким колунан келген акчаларын салышты. Тушкон акчаны кайрымдуулук кылып, майып уй-булолорго жардам берилди..

4-декабрь «Манасчылар» күнүндө Жаш манасчылар сынагы уюшулуп, тилчи мугалим Кадырова Айжамал эжей мектептин ичинде иш чара откозду..

12- декабрь адабият күнүндө кыргыз тилчи мугалимдер менен биргеликте чакан иш чара уюшулду. Мында балдар сценка коюп, көркөм окуу,жаттаган ырларын айтып, кеченин көркүн ачышты.

Англис тилчи мугалим Бошкоева Элмира эжей 5-7-класстар араснIда кыска сценкалар,ырлар,макалдарды айттырып, жакшы иш чара отуп берди.

3-4-класстар жана алардын ата-энелеринин арасында «Сармерден» уюшулуп. Анда ата-энелер мыкты денгээлде даярдык корушуп, 3-класстын апалары болсо 4-класстын аталары атаандашып, эки топ мыктылыгын корсотуп, ыраазычылык барактар жана белектер берилди.

Быйылкы жаны жыл да салттуу турдо отту. 1-4 класстар арасында озунчо болуп, балатыны айланып, айыл окмот тарабынан ар бир окуучуга белек-бечкектер берилди.5-8-класстар озунчо жана 9-11-класстар озунчо отушту.

Ар жумасына эки жолу парламент менен биргеликте рейд жургузулуп, окуучулардын тазалыгы каралып турду. Жыл жаңырып 3-чейрек башталганда бир катар пландар коюлду: тарбиялык максатта, соц педагог менен биргеликте иш алып барылды. 11-класстар арасында ата-энелер, айылдын соц педагогу жана мугалимдер катышып бир катар таасирдуу сценкалар жана корком окуулар болду. Балдарга ырайымсыз мамилелерди жана зордук-зомбулукту алдын алуу тегерек столдорду өткөзүү.Коюлган максаттар ишке ашып мектеп админстрациясы тарабынан «Зордук зомбулуксуз жашоо-жаркын келечек» деген темада тегерек стол уюшулду. Мында ата-энелер, коомчулук, атайын чакырылган коноктор жана окуучулар талкуулаган мыкты тегерек стол болду.

23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата 8-9-10-11-класстар арасында «Мекен чегинде» деген темада таймаш уюшулду. Ар бир класстын таланттуу балдары онорлорун коргозушту, конкурста 10-класс 1-орунду алды. 8-март Аялдардын Эл аралык күнүнө карата 8-11класстар арасында Сулуулар конкурсун өткөздүк. Мында 1-орунга 11-класстын окуучусу Турсунбаева Айым ээ болду.